Эсте калган бир элес

Нурзада САГЫНБАЕВА, "Кыргыз Туусу"

# Залкарлар күлгөн. Алар да ыйлаган...

## (Белгилүү адамдардын белгисиз баяндарынан)

**Турганбүбү БООБЕКОВА, Кыргыз Республикасынын эл артисти:**

### *Кошулган чач...*

– Анда Ош кыргыз драма театрында иштеп жүргөн кезибиз. Нарынга гастролдоп барып калдык. Токтоболот Абдумомуновдун "Алдар көсө" деген спектаклин койгон элек. Нарын эли искусствого жакын эл эмеспи. Тоолуктар кыялкеч, эркин келишет. Табият да аларга өзүнүн кошумчасын аянбай берген экен. Бизди аябай жылуу кабыл алды.

"Ана-мына спектакль башталат" деп турганда, мен гримдөнүүчү бөлмөдө шашылып боёнуп, анан образыма жараша чачыма өрүлгөн узун чачты коштурдум.

"Алдар көсөнүн" жанры комедия да. Анда мындай эпизод бар. Шумдуктуудай болгон кемпир чыгыш бийин бийлеген эки татынакай кызды Чыктатырбас Чынарбайга алып келип, андан бирдеме өндүрүп алууну көздөйт. Бирок, ошондо да аракети текке кетип, эч нерсе кылып ала албайт. Чыктатырбас Чынарбайдын көңүлү кыздарда эмес, оюнун баары дүнүйө жыйноодо болгон да.

(Күлүп...) Анда менин кызга жарап турган жаш кезим. Дагы бир актриса экөөбүз баягы чыгыш бийин бийлеген кыздардын ролундабыз. Биз болушунча бийлеп жатканда кемпир: "Чыгып кеткиле!" деп кыйкырган жеринде бийди токтотуп, кетип калабыз. Сахнадан чыксак эле кулисадан: "Бир чачың кана?" деп калышты артисттер. Карасам чачымдын бирөөсү калып, экинчиси серектеп жүрөт. Кошулган бир чачым бийлеп чыгып бара жатканда, болгондо да алдыңкы катарда отурган көрүүчүлөрдүн алдына барып түшүп калыптыр. Элдер дуулдап эле күлүп калган. Биз: "Чынарбай менен кемпирдин образына күлдү го" деген элек...

### *Тиш*

– "Ак-Буура дарыясынын жээгине жаңы кафе салынды" деп дүңгүрөп эле калышты. Ал кезде кафелер жаңыдан салынып жаткан. Аңгыча 8-Март келип калды. Жигиттеребиз бизди баягы Ак-Буура дарыясынын жээгиндеги кафеге чакырып, майрамдатышты. "Уят болбойлу" дешкенби, айтор, мыкты даярданышканын дароо байкадык. "Кыздарды ичирип, мас кылабыз" деп ичкиликти да көп алышыптыр. Биз кафеге киргенибизге эле жетине албай, толкунданып, тез эле кызып калдык. Дарыянын бою эңкейиш. А биздин жашаган жерибиз өйдө көтөрүлгөн дөңдө эле. Ошол дөңгө тепкич аркылуу чыгып барчубуз. Баарыбыз гүүлдөп, кызып алганбыз. Өйдөгө чайпалып, араң чыгып бара жатабыз. Гүлгаакы Сейитова деген керемет актрисаны уксаң керек. Ал бир топ кызып калгандыктан, аны жаш актёр жигит ийинине көтөрүп алып келе жаткан. Эптеп дөңгө чыксак:

– Ой, тишим, тишим! – деп эле Гүлгаакы кыйкырып калды. Биз чоочуп кеттик.

– А-ай, түшүндүрүп айтсаң, бай болгур! Тишиң эмне болду? – деп аны тегеректеп калдык.

– Эмне болсун! Кийме тишим былдылдап сүйлөп келе жатканда түшүп калган экен. Байкабай да калыптырмын – дейт ыйламсырап.

Баарыбыз жыргап бир күлдүк да, эптеп чыгып алган дөңчөдөн кайра артка тиш издеп жөнөдүк. Ойлосоң, чайпалып мас абалдабыз. Ошондо да: "Кийме тишти тебелеп, сындырып албайлы" деп аярлайбыз. Кыйналып издеп жүрүп, кийме тишти таап, Гүлгаакы Сейитованы бир "сындырганбыз".

### *Ак-Сай – Арпадагы адашуу...*

– Бир курдай Гүлайым Каныметова, Гүлгаакы Сейитова, Турганбүбү Бообекова, Алтымыш Кадыров, Өсөр Абдуллаев, Кенже Исманова Нарындын Ак-Сай – Арпа жайлоосуна кыркын убагында гастролго чыгат. Союз мезгилинин керемет, эң баалуу идеологиясы – азыркыдай акча эмес, биринчи орунда адам фактору турчу. Эки-үч чабан же беш-алты саанчы үчүн бир машина артист барып, алардын көңүлүн көтөрүү башкы максат болчу.

Кытай менен Кыргызстандын чек арасы ошол жерде жайгашкан. Артисттер бара жатат. Бозоргон боз талаанын учу көрүнбөйт. Жолду таппай калышат. Бирин-серин өткөндөрдөн жолду сурашат, кайра эле адашып калышат.

Баарын жаземдебей көрүп турган чек арачылар таңданат. Анткени, түн ичинде бир машина жарыктарын жаркылдатып, Ак-Сай – Арпа жайлоосун айланып эле жүрө берет. Солдаттар иттерин ээрчитип, прожекторлорун жаркыратып, артисттерди туш-туштан курчап алат. Ансыз да адашып, боз-ала болгон өнөрпоздорубуз



солдаттарды көрүп, жүрөктөрү оозуна тыгылат. Жөн-жайларын түшүндүрүшкөн соң, чек арачылар таланттарды бараар багытына жеткирип коюшат. Алар келип калганы түзүк болгон экен. Болбосо, машина таң атканча бир келген жерин миң айланып, бир жерге эле "оюн" коё бермек окшобойбу.

Ошентип жүрүп, артисттер бараар багытына да жетет. Таң калычтуусу, барган айылдары жымжырт. "Жоо басып кеткендей илгерки заман эмес" да деп баш катырып, анын да жандырмагын табышат. Көрсө, таң эртеден туруп алып иштеген чабандар чарчап, эрте укташат экен. Түн ичинде капсалаңга түшүрүп, кимисин ойготушат эле. Жайлоо кечкисин суук. Болгон артист көйнөктөрүнүн баарын кабаткабат кылып кийишет да, бири-бирин зордоп эле кучактап, машинанын үстүндө "таттуу уйкуга" кетишет. Эртең менен турушса, калчылдап тоңгон, курсак ачкан, кебете кеткен. Талап ага карабайт эле. Эптеп гримденип, спектакль коюп кайтышат.

### *Кабыл албоо...*

– Султан Ибраимович Ош обкомунун секретары болуп турганда оболу элдин рухани байлыгын арттырууну максат кылганы маалым. Өзбек менен кыргыз аралаш жашаган жерде аралаш тил, аралаш дил өкүм сүрөөрүн баамдаган кыраакы киши Ошко кыргыз драма театрын ачтырат. Ага чейин эле Ошто өзбек драма театры иштеп турган. Тил, дил сактоо саясатын Султан Ибраимович жакшы билген.

Ошол кезде Москвадан кыргыз жаштары театралдык институтту бүтүрүп келип, күркүрөп турушкан эле. Алар Г.Каниметова, Т.Бообекова, Ж.Сыдыкбаева, М.Токтобаев, Д.Байтөбетов жана башкалар. Алар Султан Ибраимовичтин түздөн-түз көрсөтмөсү менен Ош кыргыз драма театрына жөнөтүлгөн. Шатыраган жаш таланттар Москвадан билим алып, ал жактын эркин абасы менен жашап көнгөн да. Кыздары кыска юбка кийип, чачтарын Голливуд жылдыздарыныкындай тармалдатып коё беришет да, "Мисс-Лирага" катышкандай керилип басышат. Эми 72-жылдары биздин элде андай кийинүүгө жетише элек мезгил. Адат-салт деген да бар. Биздин жаштар аларды кабыл алгысы келбейт. Москвадан окуп келишкен, өздөрүн ашыкча эркин сезген жаштарды жергиликтүү уландар "тарбиялап" койгулары келет.

Бир күнү Жамийла Сыдыкбаева кечки сеанска киного билет алып, кинотеатрга барып калса, "тарбиялап" койгусу келген балдар аны тегеректеп алып, ары түртүшөт, бери түртүшөт. Ошол учурда кинотеатрга Сыдыкбаеванын кесиптешкурдаштары барып калып, ал баягы жигиттердин "тарбиясынан" кутулат. Ошондон кийин эркиндикти сүйгөн жаштар кечкисин жалгыз жүрбөй калышат.

### *Тийишүүнүн формасы*

– Артисттер айылга спектакль койгону барганда айылдык жигиттердин өзүлөрүнүн тийишүү формасы болоор эле. Актрисалар улуттук кийим кийип, күү топуну үлпүлдөтө башка кондуруп, куурчак болуп чыкканда, уландар рогатка менен мыкты ийип туруп атышчу. Алар үчүн бул кызга тийишүүнүн жакшынакай бир формасы болоор эле. Бирок, актрисалар эмоциясы эркин адамдарга теңелүү эмес. Анда эле оюн натыйжасыз болуп калбайбы.

Анан да сезим деген кыйын экен. Кай бир мырзалар үй-бүлөсү бар актрисаларды "Кыз экен" деп уурдап кетип, айыпка жыгылган кездер да болгон.

(Уландысы бар)

Ийгиликтер коштогон университет

# КТМУ QS рейтингинде 183-орунду ээледи

**Кыргыз-Түрк "Манас" университети Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү эң мыкты 400 университеттин катарына кирди. Жакында эл аралык QS - Quacquarelli Symonds агенттиги жогорку окуу жайлардын "Өнүгүп жаткан Европа жана Борбордук Азия" рейтингин жарыялады. КТМУ 400 университет киргизилген тизмеде 183-орунга илинди. Былтыр 350 университеттин арасынан 190-орунду ээлеген болчу. Quacquarelli Symonds агенттиги жогорку окуу жайлардын эң абройлуу глобалдык рейтингдеринин бири болуп эсептелген QS World University Rankings рейтингин түзөт.**

Бул тизмеге Россиянын 121, Түркиянын 55, Казакстандын 27, Кыргызстандын 2, Өзбекстандын 4, Тажикстандын 1 университети кошулду. Ал эми Борбордук Азия мамлекеттеринин жогорку окуу жайларынын ичинен Кыргыз-Түрк "Манас" университети 15-орунду ээледи.

Жогорку окуу жайларды баалоо бир катар критерийлер менен өткөрүлүп келе жатат. Ага университеттердин академиялык аброю, иш-берүүчүлөрдүн арасындагы кадыр-баркы, профессордук-окутуучулар курамынын студенттерге карата сандык айкалышы, чет элдик окутуучулар менен студенттердин саны, илимий даражасы бар кызматкерлердин көптүгү, интернет-ресурстарынын натыйжалуулугу, жарыкка чыккан макалалардын профессордук-окутуучулар курамынын ар бир кызматкерине туура келчү эсеби камтылган. Эң алдыңкы 10 орунду Россия, Эстония, Чеш Республикасы жана Польшанын жогорку окуу жайлары алды.

Мындан бир аз мурда КТМУда дагы бир жакшы жаңылык болду. Университеттин профессорлору Нахит Акташ менен Мехмет Кобя дүйнөдөгү эң таасирдүү окумуштуулардын тизмесине катталышты. Тизмени Стэндфорд университети түзүп чыккан. Андан мурда америкалык жана голландиялык изилдөөчүлөр дүйнө окумуштууларынын 7 миллиондон ашык илимий ачылыштары менен таанышып чыгышкан. Анын жыйынтыгын "Plos Biology" илимий журналы басып чыгарган. Бул тизмеге Түркия мамлекетинин жогорку окуу жайларынан жалпысынан 857 окумуштуу камтылган.

Айзат ТАЛАСБАЕВА,
КТМУнун маалымат бөлүмүнүн кабарчысы